БҮТПӨС АРМАН

Сөзү: Айжаркын Эргешованыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2012-жыл, май
Аткаруучу: Т.Колдошов, Нурзат Айдаркулова

Кайрылгыс жомок кезди эске салып,
Түшүмө кирдиң бүгүн айсыз түндө.
Чыркырап жанып турдум кете албай,
Алыскы-ы биздин аалам, биздин күнгө.

Турмушум жаным ошо түштө калып,
Боштукта аңылдаган куууруламын.
Карттанган жарам сыйрып жөн кирбедиң,
А балким ушул түнү сен ыйладың.

Чачыңдын жытын туйдум, демиң угуп,
Туйлаган кучагымда денең чындык.
Энтиккен таттуу шыбыр дале угулат,
Кусадар көкүрөккө жалын бүркүп.

Жашоого кайрыла албай турам азыр,
Сени жок окшош күндөр коштоп алган.
Сыягы башым менен кошо жатат,
Сен деген, сен, сен деген бүтпөс арман.